КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин XXVIII-чакырылышынын VI-кезектеги сессиясынан**

# ТОКТОМ

**2024-жылдын 14-сентябрь № 50** **Барскоон айылы**

**“Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 18-ноябрындагы №640 “Кыргыз Республикасында туризмди өнүктүрүүнү колдоо фонду” ачык акционердик коомуна Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунунун Жети-Өгүз районунун Тосор айылындагы жер участогун жана сейил бак-пляждык зонаны берүү жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 23-июлундагы №409 токтому тууралуу**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Барскоон айыл өкмөтүнүн башчысы А.Асанбаевдин жана жер, муниципалдык менчик, жайыт жана айыл чарба маселелери боюнча башкы адиси И.Исашовдун Кыргыз Республикасында туризмди өнүктүрүүнү колдоо фонду” ачык акционердик коомуна Барскоон айыл аймагынын Тосор айылынан эл аралык спорттук комплексин куруу үчүн бөлүнүп берилген жер тилкесинин жайгашкан контуруна өзгөртүүлөр киргизилгендиги боюнча маалыматын угуп талкуулап, жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 18-ноябрындагы №640 “Кыргыз Республикасында туризмди өнүктүрүүнү колдоо фонду” ачык акционердик коомуна Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунунун Жети-Өгүз районунун Тосор айылындагы жер участогун жана сейил бак-пляждык зонаны берүү жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 23-июлундагы №409 токтому жактырылсын.

2. Ушул токтом масссалык маалымат каражаттарына жарыялансын жана Мамлекеттик-укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн облустук юстиция башкармалыгына жиберилсин.

3. Токтомго киргизилген өзгөртүүлөр боюнча тиешелүү иштерди алып баруу жагы Барскоон айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы А.Т.Асанбаевге тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ибаков**

---

Жиберилди: жергиликтүү кеңештин иш кагаздарына 1 нуска, юстицияга -1 нуска, а/ө -1 нуска, төрага – 1 нуска, баардыгы – 5 нуска